**Ош Технологиялык Университети**

**Экономика жана башкаруу факультети**

**“**Бизнес-информатика жана маалыматтык экономика” кафедрасы тарабынан
***Кафедранын бүтүрүүчүлөрү жана иш берүүчүлөр менен тегерек-столдун*** өткөрүлүүсү жөнүндө

**ПРОТОКОЛУ №8**

**ОшТУ, 1/жыйыңдар залы** **20.04.2022-ж**

**Төрага:** ОшТУнун проф., Ташбаев А.М.

**Катчы:** Жанузакова Г.

**Жыйыңдын катышуучулары:**

Факультеттин деканы доц. Артыков А.Ж.,Ош ТУнун проф., Ташбаев А.М., Ош ТУнун доц., Орозмаматова Ж. Ш., ага окутуучулар Атабаев С.М., Курманалиева Г.С., Маатов К.М., окутуучулар Анашова Ч.Ж., Ташибеков Т.Ч., Жакшылык к Г., Жамшитбек к Э., Талантбек у Т., Шакиров А.А., БИжМЭ кафедрасынын бүтүрүүчүлөрү, студенттери, иш берүүчүлөр жана факультеттин кафедра башчылары. Хамзаева А., Кедейбаева Жамал., Зикираев Марат Төлөгөнович. Окуу бөлүм башчысы: Болушев Эрнис Маматалиевич.

***БИжМЭ кафедрасынын башчысы ОшТУнун проф., А.М. Ташбаев тегерек столду баштап ачып сөз сүйлөдү жана келген коноктор менен тааныштырды:*** “Урматтуу коноктор, иш берүүчүлөр, биздин бүтүрүүчүлөр, агай-эжекелер, студенттер бүгүнкү иш чарага куш келиниздер! Биздин коноктор менен тааныштырып кетсем:

**Иш берүүчүлөр:**

1) Каримбеков Ибрагим Сүйүнбаевич - “КацМир” ЖЧКнын директору;

2) Шералиев Бакытбек Акимжанович - “Кыргыз Почтасы” Мамлекеттик ишканасынын Ош облустук филиалынын директорунун орун басары;

3) Муса уулу Абдулкадыр - Ош шаарындагы IT академиянын генералдык менеджер;

4) Жалилов Уланбек Эркинбекович – Финка Банкынын Сактык кассасынын жетекчиси;

5) Аданов Санжарбек Аманович – Biruni IT мектебинин директору;

6) Равшанбек уулу Нурислан – Финка Банктын тейлөө адиси.

**Бүтүрүүчүлөр:**

1) Адиев Шерболот Касымбекович - Ош шаарынын муниципалдык менчик башкармалыгынын, муниципалдык мүлктү каттоо жана экономикалык тариздөө бөлүмүнүн башкы адиси;

2) Арстанбеков Амантур Кушбакович - Ош Мамлекеттик Юридикалык институтундагы “Маалымат технологиялар жана экономика” кафедранын окутуучусу жана “Маалымат технологиялар борборунун” башкы адиси;

3) Матисманов Азамат Таалайбекович – РСК Банктын Ноокат филиалынын насыя берүү бөлүмүнүн башчысы;

4) Абдимитал уулу Руслан - -Ош шаарындагы Максимум полиграфиялык борборунун IT Web иштеп чыгуучу;

5) Темиркулова Эдина Бактыяровна – “Асылзада айымдар” борборунда Администратор-бухгалтер;

***Андан кийинки сөз Экономика жана башкаруу факультетинин деканы ОшТУнун проф., Артыков Аамат Жакышович сөз сүйлөдү:*** “Саламатсыздарбы! Урматтуу тегерек столдун катышуучулары иш берүүчүлөр жана окутуучулар, студенттер! **“**Бизнес-информатика жана маалыматтык экономика” кафедрасы тарабынан бүгүнкү тегерек столдун уюштуруунун негизги максаты: окуу программаларын жакшыртуу боюнча сиздер менен бирге талкуулап, керектүү предметтерге болгон сунуштар боюнча өзгөртүп, окуу талабына, заманга жараша илим-билим өндүрүш тарабына да шайкеш алып кетүү. Баарыныздар ачык-айрым өз оюнуздарды айтып кетсениздер.

Кийинки сөз каф.башчы ОшТУнун проф.Ташбаев А.М. берилди: Бизнес информатика багыты, профилдери жана окулуучу сабактары боюнча толук маалымат берди. Презентациялык маалыттардын слайддары тиркелди.

**Маатов К.М.:** Кийинки план боюнча иш берүүчүлөр, бүтүрүүчүлөр, агай эжекелер жана окутуучулар, студенттер ой-пикириңиздерди айтсаңыздар.

**Иш берүүчү** Аданов Санжарбек Аманович – Biruni IT мектебинин директору**:**

Саламатсыздарбы! Ушундай иш-чара уюштуруп бир аз иш берүүчүлөр менен бирге талкуу кылып аракет кылып жатканыңыздарга рахмат. Себеби: бугүн актуалдуу болгон маселе эртен маанилүү болуп калышы мүмкүн. Анда эмесе программаны карасак көп нерсе бар, бирок бардыгынан аз-аздан экен кээ бир сабактарды көбөйтсөңүздөр жакшы болмок 120-60 саат аз болчудай.

**Сунуш:** Айтаарым, мүмкүн болсо, адистик өтүлүүчү кээ бир сабактардын сааттарын көбөйтсөнүздөр жана жаңы IT, жана язык программированиядан, планда Pythonду көрө алдык, бул сабактарды тандоо курсу катары эмес, негизги сабактарга кошуш керек. 120 сааттан дагы көп өтүлсө дегеним жана мыкты билген адистерди алып келип сабак өтүлсө жакшы болмок.

**2.** Негизи жакшы сабактар бар экен, бул жерде туура кабыл алыңыздар, аталыштары жакшы болгону менен ичиндеги сабактар берип жаткан адам компотенттүүбү же компотенттүү эмеспи. Эгерде жок болсо, атайын ушудай курстарга мугалимдерди жибериш керек. Алар курстан жана практикадан өтүшсүн.

**Иш берүүчү** Ош шаарындагы IT академиянын генералдык менеджер Муса уулу Абдулкадыр – өзүнүн **пикирин айтты:**

Азыркы студенттер адистиги боюнча маалыматтарды жакшы билишпейт, окуу планы СССР убагы боюнча калып кеткен. Сабактардын сааты аябай аз. Сиздердин окуу планында практика аябай аз, теория жактан көп экен. Ишке келгенде теория суралбайт. Практикаларды көбүрөөк өтсөңүздөр.

**Иш берүүчү** Каримбеков Ибрагим Сүйүнбаевич - “КацМир” ЖЧКнын директору**:** Сабактардын аталыштары сонун. Студенттерди теория жактан эмес, практикага 2-курстан баштап уруксат бериниздер.

**Иш берүүчү** Финка Банктын тейлөө адиси Равшанбек уулу Нурислан**:**

*****Банк боюнча айта кетейин бизде система башка, ар бир банкта өзүнчө программа менен алып барышат. ЖОЖдо Банктардын системасы окутулбайт. Студенттер банкты тандайм десенер IT программаны бүткөндөр деле иштесеңер болот.

*****Азыркы студенттер окууга, жумушка эч кызыгуусу жок болуп баратат.

**Бүтүрүүчү** - Ош Мамлекеттик Юридикалык институтундагы “Маалымат технологиялар жана экономика” кафедранын окутуучусу жана “Маалымат технологиялар борборунун” башкы адиси Арстанбеков Амантур Кушбакович**:** Студенттер сиздер бул кесип менен только IT менен чектелбестен, бардык иш каналардан ордунуздарды тапсаныздар болот.

**Студенттерден суроо:**

**Манасов Баяман БИ-19 тайпасынын студенти:** “Биз 11 жыл кыргыз тилин окуп, дагы эле кыргыз тилин эмнеге окуп жатабыз” деген суроо угулду.

**Жарыш сөз Равшанбек уулу Нурислан:** кыргыз тилин окуганынар дагы да аз. Кыргыз тили өзүбүздүн өлкөдө сөзсүз түрдө окулуш керек, көптөгөн ишканалар иш кагаздарын кыргыз тилинде жүргүзүүгө аракет кылып жатышат. Башка тилдерди өзүнүздөрдүн эркиниздер менен окуйсуздар.

**Ош шаарынын муниципалдык менчик башкармалыгынын, муниципалдык мүлктү каттоо жана экономикалык тариздөө бөлүмүнүн башкы адиси Адиев Шерболот сөз сүйлөдү:**

**Биринчи:** Саламатсыздарбы! Сиздер студенттер үчүн жакшы иш-чара уюштурупсуздар, ушул жыйындан сиздер пайда алат деген ишеничтер бар деп ишенебиз. Учурда талапка жараша бардык иш каналарда иш кагаздары электрондук түрдө болуп калды, өзүнүздөр билгендей кагаз иштетилбей калган. Эмнени айткым келип турат сиздер, IT тармагында мен ушул боюнча кетишим керек дебей, бүт иш каналардан өзүңүздөрдүн ордуңуздарды тапсаңыздар болот. Агай айтканы: “Биз силерге эмнени үйрөтпөй калдык” деген биз ачыгын айтышыбыз керек, сиздер баарын үйрөтүпсүздөр биз ошону убагында көңүл бурбаганбыз.

**Экинчи:** Студенттер достор! Силерге өтө чоң мүмкүнчүлүк турат 4-жыл ичинде үйрөнүп билип, кошумча курстарга окуп даяр кадр болуп чыгасыздар жана  ийгиликтерге жетишесиздер.

**Абдулкадыр суроого жооп берди:** Кыргыз тили маанилүү биз үчүн бирок, англис тилин сөзсүз үйрөнүү керек, негизи эле “канча тил билсең, ошончо адамсың” жана студенттер өзүңөрдү өстүргүлө, **YouTube** сайттардан учурда баары электронный болуп калды, окуп үйрөнүп болот

**Кийинки студенттин сөзү:**

Сиздер 11-жыл окуган предметти окуп жатышабы же кыргыз тилинде иште кантип арыз ж.б документтерди жазууну үйрөнүп жатабы? деген ой келет. Негизи англис тилин эмес, IT англис тилин окутуп, эң негизги нерселерди үйрөтсөңүздөр жакшы болмок.

**Сунуш:** Толп деген окумуштуунун методикасы менен пайдалансаңыздар жакшы болмок.

1-окуу, 2-анализ 3-практика.

**Нурислан:** Кыргыз тилин же орус тилин же кереги жок деп жатасынар, кыргыз тилинин граматикасын 100% билем деп ойлойсунарбы?

**Жарыш сөз:** студенттерден жооп: Кечиресиз, Менмин деген адис 100% билбейт.

**Нурислан:** Университетте кыргыз тилин пайдасы деловой этика же болбосо бири-бири менен баарлашуу жана иш каналардын документтациясын граматикасын үйрөтөт, муну мектепте үйрөтпөйт.

**Окуу бөлүмү Азимова Алима:** Орус тил, кыргыз тили ж.б предметтерди биз дагы министрликке кайрылганбыз. Бирок ошол эле боюнча калган, биз аны өзгөртө албайбыз. Жогоруда айтылган сунуш кеңештерге тил предметтери боюнча сөзгө толук  кошулам.

**Сунуш:** Каф. башчыларга сунуш сабактардын аталыштарын гана карабастан, ичиндеги өтүлүүчү программаларды талкуулап жана иш

берүүчүлөр менен модель выпусниканыда бирге чогу карасаңыздар. Иш берүүчүлөр сиздер да ушул жактан жардам берсеңиздер дегеним.

**Санжарбек сунуш:** Студенттерге тренингдерди бат-баттан өтсөңүздөр, ал жерде убакытты пайдаланып, максат коюп дегендей кызыктуу болот.

**Суроо:** Глобалдуу маселе  студенттерди окууга кантип кызыктырсак болот?

Ар бир студентте окууга болгон кызыгуу болуш керек, көпчүлүк өздөрүнөн көз каранды

**Ташибеков Тариэл:** менин сунушум “интернет тармактары” боюнча сабактын сааты кобүроок кошулса дегеним.

Жарыш сөз: компьютерди оңдоо предмети дагы кошулуш керек.

Кафедрасынын башчысы проф. А.М. Ташбаев: Ой-пикириниздер менен бөлүшүп, келип бергендериңиздерге чоң рахмат!

**Жогорудагыларды угуп, талкуулап жыйындын катышуучулары токтом кылат:**

1. Гуманитардык жана социалдык экономикалык циклдеги сабактарды кыскартуу маселеси сунушталсын. М: кыргыз, орус тилдери, дене-тарбия, тарых, КСЭ, экология ж.б.
2. Заман талабына жараша программалоо сабактарынын сааты көбөйтүлсүн, М: Python, Java, C++, C#.
3. Окутуучулар улам жаңы маалыматтарды окуп, окуу борборлорунан практика отүү маселелери жолго салынсын.
4. Студенттерди 2-3-курстан баштап ондүрүштүк ишканаларга практикага көп-көп чыкканга шарт түзүлсүн жана практикалардын базасы кеңейтилсин.
5. Өндүрүштүк ишканалардан адистерди лекциялык жана практикалык сабактарга тартуу маселелери иштелип чыгылсын.
6. Электрондук документ жүргүзүү боюнча курстар окуу планына киргизүү сунушталсын.
7. Профилдик айрым предметтердин мазмундары иш берүүчүлөр менен макулдашылык аларды тиешелүү адистердин окутушу камсыздалсын.

Бүтүрүүчүнүн модели (компетенциялары) иш берүүчүлөр менен макулдашылсын.

Жыйындын төрагасы: Ташбаев А.М.

Катчы: Жанузакова Г.